# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ АЙРЫМ КЕМЧИЛИКТЕР

**АБДРАИМОВА Ж.**

*Бул макалада Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы айрым кемчиликтерди табуу жана аларды жоюу жолдору жөнүндө кеп болот.*

Бүгүнкү күнгө чейин билим берүү системасы Кыргыз Республикасында Советтер Союзу учурунда иштелип чыккан окуу программалары менен иштеп келгенбиз. Себеби, көбүнчө мугалимдер жана студенттер Советтер Союзунан сырткары башка чет мамлекеттерге чыгуу өтө сейрек болгон. Башкача айтканда бул системаны туу тутуп келгенбиз, мындай жол менен окутуу майнаптуу жана жеткиликтүү болот деп эсептегенбиз.

Ал эми азыр билим берүү системасы базар экономикасынын талаптарына ылайык келиши керек. Баардык жумушка конкурс аркылуу алынат, талапты жогору коюшат. Эмгек базарында көбүнчө чет тилдерин, компьютердик программаларды жана интернетти өздөштүрө билген, ар ишти алып кете алган коммуникабелдүү инсанга суроо-талап жогору. Кыргызстандагы мектептерде жана жогорку окуу жайларда азыркыга чейин советтик билим берүү ыкмалары жана технологиялары сакталып келүүдө. Кыргыз мамлекети эгемендүү мамлекет болгондон бери иш аркылуу чет өлкөлөргө чыгуу, билим алуу, тажрыйба алмашуу көбөйдү. Бул албетте, биз үчүн чоң пайда, себеп дегенде биз жаңы инновациялык ыкмаларды үйрөнүп жатабыз. Окутуунун оңой, кызыктуу, майнаптуу жолдорун тандап алуудабыз. Биз жаңы жабдуулар менен камсыз болдук. Мисалы, компьютердик класстар, лабораториялар, лингафондук кабинеттер жана башкалар ачылды. Бул биз үчүн чынында эле жаңылануу болуп саналат. Чет мамлекеттен волонтерлор көп келүүдө. Алар менен тажрыйба алмашуу эң кызыктуу. Мугалимдер жана студенттер үчүн чет өлкөлөрдөн такшалтмалардан өтүү программалары кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачууда.

Кыргызстанда 2006-жылдан баштап билим берүү боюнча улуттук куррикулумдар (cirruculum) түзүлүүдө. Анын алкагында мектеп окуучуларын жаңы муундагы китептер менен камсыз кылуу, окутуунун жаңы ыкмаларын жайылтуу активдүү жүрүүдө. Мурдагы билим берүү жана илим министри И.Болжурова Франциянын «PIZA» долбооруна Кыргызстанды да киргизген. «PIZA» долбоорунун максаты – бул бүткүл дүйнөнүн мектеп окуучуларынын билим денгээлин текшерип баалоо эле. Анын алкагында Кыргызстандын окуучуларынын да билим деңгээлдери эки ирет текшерилди, бирок эки жолу тең артынан биринчи орунга татыктуу болушту. Бул натыйжа бизди өкүндүрбөй койбойт. Мындан кыргызстандык окуучулардын билим деңгээли өтө төмөндөп кеткен деген тыянак чыгат. Мындай жыйынтык үчүн кимди күнөөлөшкө болот? Мугалим болгон билимин окуучуларга бергенге аракет кылат. Ал эми окуучу ошол билимди алганга болгон күч-аракетин жумшаш керек. Мисалы, окуучулар бош убактысында сабакка даярдануунун ордуна компьютердик оюндарды ойношот.

Жогорку окуу жайдагы айрым кемчиликтерди санасак: окутуучуларга окуу куралдарынын жетишсиздиги, кээ бир окуу жайларда шарттардын жоктугу, кышкысын аудиториялардын сууктугу, компьютерлердин, проекторлордун, ксерокстардын жетишсиздиги. Анын үстүнө кыргыздарда трайбализм-жердешчилик оорусу бар. Мына ошонун кесепетинен

ЖОЖго тажрыйбасы жок мугалимдер ишке алынып, натыйжада билим берүүнүн сапатынын төмөндөөсүнө жол берилип жатат.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздүн жогорку кесиптик билим берүү системасы дүйнөлүк стандартка өтүп жатат. Ага ылайык ЖОЖдордо эми студенттерди бакалавриат программасы боюнча 4 жыл, анан магистратуранын программасы боюнча 2 жыл окутабыз. Бирок мындай өзгөрүүгө ЖОЖдордун баары эле толук даяр эмес. Буга чейин жогорку окуу жайларда 5 жылдык билим берип келишкен. Жаңы билим берүү системасы, адамды өмүр бою окууга, башкача айтканда жаңы маалыматтарды үзгүлтүксүз алып турууга багыттайт. Биздин ата-энелерибиз, албетте, эми окууларын улантышпайт деңизчи, бирок биз, биздин студенттер, биздин балдар талыкпай өмүр бою билим алып турuусу керек болот. Бул абдан жакшы натыйжа берет.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн чет мамлекеттик жогорку окуу жайлар менен келишим түзүп, Кыргызстандагы ЖОЖдордун мугалимдерин, өзгөчө чет тилдер факультетинин мугалимдерин, алсак, англис тили жана адабияты мугалими болсо, АКШга же Англияга, немис тили мугалими болсо – Германияга, француз тили мугалими болсо – Францияга такшалтмаларга жиберүү абдан майнаптуу болот. Мунун натыйжасында окутуучулар мыкты жана сапаттуу билимдерге, алдынкы тажрыйбаларга ээ болушат. Азыр мына ушул багытта иштөө үчүн жаш адистерге чоң мүмкүнчүлүктөр ачылууда. Эми маселе ошол мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдаланууда жатат. Ошондо жогорку кесиптик билим берүү системасындагы өткөндөн мураска калган көп кемчиликтерди жоё алабыз.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Высшее образование Кыргызской Республики. – Бишкек, 2012 (3/17).

2. Педагогическая диагностика. Научно-практический журнал. №1, 2012.

3. Образовательные технологии. 2011.

4. Азыркы мезгилдин педагогу. – Бишкек, 2011.